УДК 37.018.1

# ЗАМАНБАП БИЛИМ БЕРҮҮДӨ В.А. СУХОМЛИНСКИЙДИН ТАРБИЯЛОО СИСТЕМАСЫНДАГЫ КЫЙЫР ТААСИР ЭТҮҮ ЫКМАСЫ

Маткасымова Минавархан Осмоновна - А. Мырсабекова атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин улук окутуучусу. Ош шаары, Кыргызстан,
minavar68@mail.ru
ORCID 0009-0002-7870-7535

# МЕТОД КОСВЕННОГО ВОЗДЕЙСТВИЯ В СИСТЕМЕ ОБРАЗОВАНИЯ В. А. СУХОМЛИНСКОГО В СОВРЕМЕННОМ ОБРАЗОВАНИИ

Маткасымова Минавархан Осмоновна - Ошский государственный педагогический университет им. А. Мырсабекова, г. Ош, Кыргызстан, minavar68@mail.ru
ORCID 0009-0002-7870-7535

# THE METHOD OF INDIRECT INFLUENCE IN THE EDUCATION SYSTEM OF V. A. SUKHOMLINSKY IN MODERN EDUCATION

Matkasymova Minavarkhan Osmonovna - Osh State Pedagogical University named after A. Myrsabekov, Osh, Kyrgyzstan, minavar68@mail.ru
ORCID 0009-0002-7870-7535

**Аннотация:** Бул макалада заманбап билим берүү чөйрөсүндө В.А. Сухомлинскийдин кыйыр тарбиялоо концепциясынын мааниси кеңири каралат. Башталгыч класстардагы билим берүү процессинде кыйыр тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү, педагогдун ролу, окуучулардын инсандык өнүгүүсүнө тийгизген таасири жана бул методду ишке ашыруунун заманбап жолдору мисалдар менен баяндалат. Ошондой эле, Сухомлинскийдин идеяларынын негизинде мектептик атмосферанын, коомдук жана үй-бүлөлүк таасирдин орду талданат. Макалада мугалимдер үчүн пайдалуу практикалык ыкмалар жана сунуштар берилген.
Заманбап билим берүү тарбиялоо процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн кыйыр таасир этүүнүн ролун баса белгилейт. Кыйыр тарбиялоо окуучуларды мажбурлоонун ордуна, алардын аң-сезимин, мотивациясын жана коомдук баалуулуктарды өз алдынча кабыл алуусун шыктандырат. Бул макалада кыйыр тарбиялоонун негизги элементтери өзгөчө талдоого алынып, анын ичинде маданий чөйрө, мектептик атмосфера, үй-бүлөлүк тарбия жана мугалимдин үлгү көрсөтүүсү сыяктуу факторлор терең изилденет.
Изилдөөнүн негизинде, мугалимдер үчүн кыйыр тарбиялоо процессинде эффективдүү методдор жана практикалык сунуштар берилип, билим берүүдө бул ыкманын узак мөөнөттүү натыйжалуулугу талдоого алынат.

**Ачкыч сөздөр:** кыйыр тарбиялоо, В.А. Сухомлинский, башталгыч класстар, педагогика, заманбап билим берүү, мугалимдин ролу, тарбиялык чөйрө.

**Аннотация:** В данной статье подробно рассматривается значение концепции косвенного воспитания В.А. Сухомлинского в современной образовательной среде. Анализируются особенности косвенного воспитания в процессе обучения младших классов, роль педагога, влияние на личностное развитие учащихся, а также современные методы реализации данной методики. Особое внимание уделяется значению школьной атмосферы, общественного и семейного влияния на воспитание, основываясь на идеях Сухомлинского.
В современном образовании подчеркивается роль косвенного воздействия для повышения эффективности воспитательного процесса. Вместо принуждения учащиеся мотивируются к осознанному принятию общественных ценностей и самосовершенствованию. В статье проводится детальный анализ ключевых элементов косвенного воспитания, включая культурную среду, школьную атмосферу, семейное воспитание и пример учителя.

В ходе исследования представлены эффективные методы и практические рекомендации для педагогов в процессе косвенного воспитания, а также анализируется его долгосрочная результативность в образовательном процессе.

**Ключевые слова:** косвенное воспитание, В.А. Сухомлинский, младшие классы, педагогика, современное образование, роль учителя, воспитательная среда.

**Abstract:** This article explores the significance of V.A. Sukhomlinsky's concept of indirect education in the modern educational environment. It analyzes the specific features of indirect education in primary school teaching, the teacher’s role, its impact on students’ personal development, and modern approaches to implementing this methodology. The study also examines the influence of school atmosphere, social environment, and family upbringing based on Sukhomlinsky’s ideas. Modern education emphasizes the importance of indirect influence to enhance the effectiveness of the educational process. Instead of coercion, students are encouraged to consciously adopt social values and develop intrinsic motivation. This article provides an in-depth analysis of the key elements of indirect education, including cultural environment, school atmosphere, family upbringing, and the teacher’s exemplary behavior.
Based on the research, effective methods and practical recommendations for teachers are provided, and the long-term effectiveness of indirect education in the learning process is examined.

**Keywords:** indirect education, V.A. Sukhomlinsky, primary education, pedagogy, modern education, teacher’s role, educational environment.

В.А. Сухомлинскийдин кыйыр тарбиялоо концепциясы болочок башталгыч класстар мугалимдерине окуучулар менен туура мамиле түзүүнү, алардын кызыгуусун ойготууну жана тарбиялоо процессин табигый жол менен уюштурууну үйрөтөт. Бул концепцияны өздөштүргөн мугалимдер келечекте окуучулардын инсандык өнүгүүсүнө чоң таасир тийгизе алышат.

Баланы жети жашка чейин эненин мээрими менен тарбиялап, андан кийин атанын тарбиясына өткөрүү салты бар. Бул салттын мааниси –баланы алгач мээримдүүлүк жана камкордук менен тарбиялап, андан кийин жоопкерчилик жана тартип менен чоңойтуу болуп саналат. [5.98]

Заманбап билим берүү мугалимден жалаң гана маалымат берүүнү эмес, окуучунун инсандык өнүгүүсүнө, анын дүйнө таанымына жана адеп-ахлактык сапаттарына таасир эте билүүнү талап кылат. В.А. Сухомлинский тарбиялоонун кыйыр таасири жөнүндө терең ой-пикирлерди айтып, тарбиялык чөйрөнү түзүүнүн маанилүүлүгүн белгилеген. Ал окуучунун ички дүйнөсүнө түздөн-түз буйрук же кысым аркылуу эмес, жагымдуу тарбиялык шарттарды түзүү менен таасир этүүнүн натыйжалуу экенин баса белгилеген.

Кыйыр тарбиялоонун негизги принциптери жана Сухомлинскийдин ыкмалары боюнча В.А. Сухомлинский тарбиялоону баланын табигый аң-сезими менен байланыштырып, кыйыр таасир этүүнү төмөнкү негизги элементтер аркылуу жүргүзүүнү сунуштаган.

Сухомлинский кыйыр тарбиялоонун бир нече негизги принциптерин иштеп чыккан:

- **Баланын ички дүйнөсүнө терең таасир берүү**дө - окуучунун ички сезимдери, баалуулуктары жана көз караштары башкы ролду ойнойт. Мугалим анын жан дүйнөсүн байытуу үчүн руханий жана эстетикалык каражаттарды колдонушу керек. "Эгерде мугалим баланын жүрөгүнө жол таба албаса, ал чыныгы тарбиячы боло албайт." *(В. Сухомлинский)* Анткени, мугалим сабакта жөн гана маалымат бербестен, жомоктор, сүрөт өнөрү, музыка аркылуу окуучулардын ой жүгүртүүсүн, элестетүүсүн жана сезимдерин ойготушу керек. Мисалы:"Боорукердик деген эмне?" темасын түшүндүрүү үчүн балдарга боорукерлик жөнүндө окуя айтып берүү жана алардан өзүлөрүнүн тажрыйбалары менен бөлүшүүнү сурануу.
- **Айлана-чөйрөнү тарбиялык фактор катары колдонуу**да В. Сухомлинский билим берүү мекемесинин физикалык жана эмоционалдык чөйрөсү балдардын жүрүм-турумуна чоң

таасир этерин: "Мектеп – бул биринчи кезекте баланын бактылуу балалык дооруна негиз түзүүчү жай болушу керек-" деп *В. Сухомлинский* баса белгилеген [1].

Мисал**:** Башталгыч класстарда кабинеттердин ичин кооз сүрөттөр, цитаталар, китептер, өсүмдүктөр менен жасалгалоо менен балдарда жакшы сапаттарды калыптандырууга жардам берет. Мугалим окуучуларга мектеп короосунда гүл өстүрүүнү сунуштап, аларды табиятка кам көрүүгө үйрөтсө, бул дагы кыйыр тарбиянын бир ыкмасы болуп саналат.

- **Үлгү көрсөтүү жана жашоонун таасири менен тарбиялоо**до балдар көбүнчө чоңдордун сөздөрүнөн эмес, алардын жүрүм-турумунан тарбия алышат. В.А. Сухомлинский бул тууралуу: "Балдар чоңдордун айткандарынан эмес, алардын кылган ишинен тарбия алышат" – деп баса белгилеген. В.В. Гребенкин да тарбиялоонун маанисине токтолуп: "Окутуу жана тарбиялоо – бул мугалим менен окуучунун өз ара иш-аракетиндеги үзгүлтүксүз процесс, анын натыйжасында инсандын калыптанышы жүзөгө ашат" – деп белгилейт [3].

Ошондуктан, мугалимдин жеке жүрүм-туруму, эмоциялык абалы жана окуучуларга болгон мамилеси тарбия процессинде абдан маанилүү роль ойнойт. Окуучулар мугалимди үлгү катары кабыл алышат, анын адеп-ахлактык принциптерин, сабырдуулугун, чынчылдыгын жана ишенимдүүлүгүн байкап, ошого жараша өздөрүнүн жүрүм-турумун калыптандырат. Эгерде мугалим окуучуларды сылык-сыпаа болууга жана чынчылдыкка чакырса, бирок өзү ушул эле эрежелерди сактабаса, анда анын сөздөрү эч кандай таасир этпейт. Тескерисинче, эгерде мугалим дайыма туура үлгү көрсөтсө, анын жүрүм-туруму окуучулар үчүн эң мыкты тарбиялык куралга айланат.

- **Табигый кызыгуу жана мотивация менен тарбиялоодо** Л.С. Выготский балдардын билимди кабыл алуудагы ички мотивациясынын маанилүүлүгүн изилдеп, "Бала өзүнүн өнүгүү деңгээлинен жогору турган нерселерди курчап турган чөйрө аркылуу өздөштүрөт" – деп белгилеген [2]. Бул пикир В.А. Сухомлинскийдин "Күч менен таңууланган билим баланын эсинде көпкө сакталбайт, ал эми жан дүйнөсүн козгогон билим өмүр бою унутулбайт" – деген көз карашы менен дал келет [1]. Сухомлинскийдин ою боюнча, тарбия – бул мажбурлоо же тартипке баш ийдирүү эмес, тескерисинче, окуучунун кызыгуусун ойготуу жана аны табигый жол менен өнүктүрүү процесси.

Эгерде мугалим сабакта жөн гана эрежелерди айтып бербестен, аларды практикалык иштер жана кызыктуу тапшырмалар аркылуу түшүндүрсө, балдар үчүн маалыматты кабыл алуу кыйла натыйжалуу болот. Мисалы, математика сабагында сандарды жаттатуу ордуна, оюн түрүндөгү тапшырмалар берүү жана аларды турмуштук кырдаалдар менен байланыштыруу окуучулардын кызыгуусун арттырат жана билимдин бекем өздөштүрүлүшүнө өбөлгө түзөт.

- **Окуя жана адабият аркылуу тарбиялоо** -балдар жомокторду, аңгемелерди жана тарбиялык мааниге ээ болгон адабияттарды окуу аркылуу жакшылык менен жамандыкты ажыратууга үйрөнүшөт. Мугалим окуучуларга боорукердик, чынчылдык, адилеттүүлүк тууралуу жомокторду окуп берип, андан соң ошол окуялардын сабагын биргеликте талкуулоого чакырышы мүмкүн. Л.С. Выготский окуунун бала өнүгүүсүндөгү маанисин баса белгилеп: *"Окуу – бул баланын ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүнүн негизги булагы жана анын ички дүйнөсүн байытуунун каражаты болуп саналат"* – деп айткан [2]. Ошондуктан, адабият аркылуу тарбиялоо балдардын адеп-ахлактык өнүгүүсүндө чоң рол ойнойт.

- **Эстетикалык тарбия (музыка, сүрөт, искусство)**- искусство адамдын эмоциясын жана аң-сезимин өнүктүрүүчү күчкө ээ. Сабак учурунда классикалык музыканы угузуу, белгилүү сүрөттөрдү талкуулоо, окуучуларга өз ойлорун сүрөт аркылуу чагылдырууга мүмкүнчүлүк берүү алардын чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрүүгө көмөкчү болот. В.В. Гребенкин эстетикалык тарбиянын маанисин белгилеп: *"Көркөм чыгармачылык жана искусство аркылуу баланын инсандык дүйнөсү байытылат жана ал чыгармачылыкка умтулат"* – деп айткан [3].

Ошондуктан, мугалимдер окуучулардын чыгармачылыгын колдоо жана өнүктүрүү максатында ар кандай көркөм өнөр түрлөрүн, анын ичинде сүрөт тартуу, музыка угуу жана сахналаштырылган оюндарды колдонушу керек.

- **Коомдук пайдалуу эмгекке тартуу.** Окуучуларды пайдалуу иштерге тартуу алардын жоопкерчилигин жана эмгекке болгон сүйүүсүн калыптандырат. Класс ичинде гүлдөрдү сугаруу, китеп текчелерин иретке келтирүү сыяктуу иштерге окуучуларды кызыктыруу.

Сухомлинскийдин кыйыр тарбиялоо концепциясы мугалимдер үчүн маанилүү, анткени ал окуучулардын аң-сезимине басым жасоо менен, мажбурлоосуз жана басым кылбастан, табигый тарбиялоого мүмкүнчүлүк берет. Бул ыкма балдарга эркин өнүгүүгө шарт түзүп, аларды адеп-ахлактык, эмгекчилдик жана жоопкерчиликке үйрөтөт.
Бул принциптер жана ыкмалар болочок башталгыч класстар мугалимдерине окуучуларды туура тарбиялоого жардам берет

**Колдонулган адабияттар:**

1. Сухомлинский В.А. "Сердце отдаю детям" – Киев: Радянська школа, 1969.
2. Выготский Л.С. "Психология развития ребенка" – Москва: Просвещение, 1984.
3. Гребенкин В.В. "Педагогика: Теория и практика" – Санкт-Петербург: Питер, 2010.
4. Кыргыз билим берүү академиясы. "Заманбап педагогиканын негиздери" – Бишкек, 2021.
5. “А. Мырсабеков атындагы ОшМПУ жарчысы” илимий-усулдук журналы. 2024-ж. No.2(24). 2-Т. 68-бет